**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

## Каада-салт - “Кыздын кырк чачы улук”
## (“Шайыр апалар” телесынагында көргөзүлгөн)

**Тайэнеси:** Бүгүн биздин үйдө чоң майрам сиздерди аластан ат арытып, жол карытып небересин ээрчитип алып кудагыйым келди. Салт боюнча кызынын чачын тайлары тараптан өрдүрүп кетсемби дейт, сөз төркүнүн кудагыйыма берейин.

**Чоң эне:** Байыртан кыргыз элинде кыз баланын чачын тай тараптагы сиздердей болгон байбичелерге өрдүрүп, алардын батасын алуучу экен, анын сыңары ошол салтты улап кызым Канайымды ээрчитип батаңарды сурап келип калдым.

**Тайэнеси**: Кана эмесе менин урматтуу меймандарым кызыбыздын чачын өрүп батаңарды берип коюңуздар. Кызыбыздын чачын өрдүргөн жатабыз деп Канайымга салт боюнча кызылдан көйнөк тиктирип койдум эле минтип кийгизип койдум. Мынбул күбөктү тайатасы усталарга жасатып келиптир, чачына кошо өрө кетсеңиздер. Айылдагы байбичелердин улуусу сиз эмессизби Жеңишкүл апа өзүңүз баштап бериңиз.

**Жеңишкүл апа (көп жашаган байбиче**): Салтыбызды улап алыстан кызыңардын чачын тайлар тараптан өрдүрүп, бата алайын деп келгениңизге чоң рахмат, кудагый. Келегой кызым, чачыңды жакшы өстүргөн турбайбы. Анда эмесе кызыбыздын чачын өрүп баштайлы. Кызыбыздын саамай чачынын бир жагын сен өр, Ырыскүл, колунан көөрү төгүлгөн уз болсун. Бир жак саамайын сен өр, Батина, келечекте өзүңдөй көп балалуу, урмат-сыйга бөлөнгөн энелерден болсун. Арка чачынын бир жагын сен өр, Дурия, иштеген ишинен баар тапкан, эмгекчил кыз болсун. Бир жагын мен өрөйүн, мендей узак жашап, өмүр сүрүп, жашоонун кызыгын көрсүн.

**Батина апа (Баатыр Эне):** Кызыңар “каркыралуу кыз” болуп калган турбайбы?! Илгери “каркыралуу кыз” деп ойносо оюнга тойбогон, акыл-эс кире баштаган мындай секелек кызды айтуучу эле.

**Дурия апа (ардактуу эне**): Чач жөнүндө сөз учугун улай олтуралы. Илгери, кыз бала там-туң баса баштагандан чачына көңүл буруп майлап-сүттөп чачын өстүрө баштачу турбайбы. 3 жаштан 5 жашка чейин кыздын чачын чымчып байламай деп, чачын чымчып байлап койуучу экен. Ал эми бул кызыбыздын чачын илгеркилер айткандай “майда бака-бака бут” деп беш көкүл кылып өрүүчү турбайбы.

**Ырыскүл апа (уз апа):** Сөзүңөрдө калет жок, ал эми кыз бала колукту болуп, күйөөгө узаарда кырк өрүм чачын жазып, эми сен түгөйлүү болосуң деп чачын эки өрүм кылып өрүүчү экен. Мына кызыбыздын чачын өрүп бүтүп калдык, чачын чогуусунан кармап, бата берип коеюн: ”кызымдын чачы өс, өс, өс алты жылда аркан бол, жети жылда желе бол”. Кызыңардын чачын өрдүрөт деген сөздү уккандан кийин башына кызылдан тиге келдим эле кийгизип коеюн. Башыңдан бакыт кетпесин, колуңдан иш кетпеген элибиздин кол өнөрчүлүгүн улаган уз бол (чекесинен өбөт)

**Дурия апа:** Кызыбызга кызыл мончок илип коеюн. Келечегиң кенен болсун, толтура ырыскы маңдайыңа берсин, телегейиң тегиз болсун, ырыскың деңиз болсун. Кыргыз элинин атагын чыгарган чыгаан кыздардан бологой.

**Батина апа:** Мен кызыма билерик ала келдим эле келегой тагып коеюн. Колуң берекелүү, ачык болсун. Эч нерседен кем болбой, дасторконуңда толо аш болсун, төрүңдөн конок үзүлбөй берекелүү үйбүлө күт. Кызым, ата-энең, бир тууган, тайларың, жерге-жээгиң менен өмүрлүү болуп, элдин керегине жараган чыгаан кыздардан бол.

**Жеңишкүл апа:** Мына бүгүнкү элибиздин оозунда айтылган “кыздын кырк чачы улуу” деген сөздүн төгүнө чыктык окшойт. Баарыбыз алакан жайып Канайым кызыбызга батаны чогуу берип коелу. Атына заты жарашкан Канайымдан болсун, Олоңдой кара чачыңа оролсун дөөлөт башыңа. Сулуулуктун сымбатына ээ бол, карылардын урматына ээ бол. Уяң көздүү бол, узун өмүр жаштуу бол. Жаштарыбыз элибиздин салтын улап, урпактан урпакка өткөрүп, нарктуу дөөлөттүү жаштардан болсун. Оомийин!

**Чоң эне:** Кызыма берген батаңар кабыл болсун, ыраазымын сиздерге. Өзүңөр да эч нерседен кем болбой, бактылуу карылыктын даамын татып, узак жашап, ушундай баталарыңарды эли-журтуңарга бере бергиле. Колуңарды майлаганым болсун, бул белектерди алып койгула.

**Тайенеси**: Мен да баарыңарга ыраазымын, кызыбызга батаңар тийип, айтылган тилектин баары кабыл болсун. Анда эмесе урматтуу конокторум, үйгө кирип дасторкондон даам сызып кеткиле (баары чыгып кетишет).